**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН**
**VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН КЕЗЕКСИЗ XI СЕССИЯСЫНЫН**

# ТОКТОМ №3

**10-октябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

## Багыш айыл өкмөтү тарабынан Жалал-Абад областык өнүктүрүү фондуна сунушталуучу долбоорго колдоо көрсөтүү жөнүндө

Кыргыз Республикасынын “Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө” мыйзамын, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 09-сентябырындагы №01-15/254 сандуу “Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылындагы Ленин көчөсүнүн жолун асфальттоо үчүн Жалал-Абад областык өнүктүрүү фондуна долбоорду сунуштоо жөнүндө” кайрылуусун негиздеп, Багыш айылдык кеңешинин Бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүүлөр жана тышкы экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын сунушун угуп, талкуулап Багыш айылдык кеңешинин VIII-чакырылышынын кезексиз XI сессиясы **токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнүн Октябрь айылындагы Ленин көчөсүнүн жолун асфальттоо үчүн долбоор Жалал-Абад областык өнүктүрүү фондуна сунушталсын.

2. Долбоорго Багыш айыл өкмөтүнүн 2026-жылдын жергиликтүү бюджетинен 776 957(Жети жүз жетимиш алты миң тогуз жүз элүү жети) сом акча каражаты долбоордун кош каржылоосуна бөлүнүп берилсин.

3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөө Багыш айылдык кенешинин бюджет, каржы, муниципалдык менчик, инвестиция, ишкердик, транспорт, кызмат көрсөтүү жана экономикалык байланыш боюнча туруктуу комиссиянын төрагасы Э.Жолборсовго жүктөлсүн.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыяланып жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**